Мурзабек Балбаков атындагы орто мектеби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жыл 21-июлу №403 "Кыргыз Республикасында жалпы билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө" токтомун, 2016-жылдыз 15-ноябрь №590, 2017-жылдын 18-августу №496 өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө токтомдорун жетекчиликке алуу менен иштейт.

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин Уставы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-сентябрындагы №541 токтому менен бекитилген жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобонун негизинде иштелип чыккан. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Нарын облусунун Юстиция башкармалыгы тарабынан 3-октябрь 2022-жылы 78693-3304-У-е каттоо номуру менен Мурзабек Балбаков атындагы орто мектеби болуп юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоодон өтүп, күбөлүгүн алган.

Мектеп Ак-Талаа райондук Билим берүү бөлүмү тарабынан 2022-жылдын 19-сентябрь №87 буйругу менен Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин Уставы бекитилген жана Юстиция Министрлиги тарабынан 2022-жылдын 3-октябры менен каттодон өткөн.

М.Балбаков атындагы орто мектебинде окутуу кыргыз тилде жүргүзүлөт: кыргыз класстар.

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Билим берүү Стандартынын, Жалпы Билим берүү уюмдарынын типтүү Жобосунун, Кыргыз Республикасынын Билим беруу Жана Илим министрлигинин "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык Билим берүү мекемелерине окуучуларды электрондук каттоо боюнча убактылуу типтүү Жобосуна, Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык, Мурзабек Балбаков атындагыорто мектебинин Уставынын негизинде окуучуларды мектептке кабыл алып, билим берүү процесси ишке ашат.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлигинин 2022-жылдын 5-август №1529/1 буйругу менен бекитилген окуу планынын, №1 педагогикалык кеңештин чечиминин негизинде Базистик окуу планы Ак-Талаа райондук Билим берүү бөлүмүнө сунушталып, 2022\2023-окуу жылына 2022-жылдын 1-сентябрында кыргыз класстар, "Наристе" даярдоо программасы үчүн, үйдөн окутулуучу мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн окуу пландары бекитилген.

Кыргыз Республикасынын №477 токтому менен бекитилген «Балдарды үйүндө жеке окутууну уюштуруу жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Билим Берүү Стандартына ылайык ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана оорунун катуу формасы менен балдардын категориясына кирген балдарга билим берүүнүн буйругуна ылайык биздин мектепте ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана оорунун катуу формасы менен ооруган балдардын категориясына кирген 1 бала үйүндө жеке окутулат.

Класстардын орточо топтому 8-16 окуучуну түзөт.

Мектептин иш-алып баруусу боюнча 2022-жылдын 1-сентябрында Ак-Талаа райондук Билим берүү бөлүмү менен макулдашылып жылдык план бекитилген: методикалык иштер, окуу процесси, жетекчилик жана ички көзөмөл, жаш мугалимдер менен иш-алып баруу, документтер менен иш-алып баруу пландаштырылган.

КРнын 2002-жылдын 27-июнундагы №111 КРнын жалпы билим берүү мектептериндеги окуучулардын тамактануусун уюштуруу тууралуу мыйзамы ишке кирген. Кыргыз өкмөтүнүн 2006-жылдын 24-апрелиндеги №293 "КРнын жалпы билим берүү" мектептериндеги окуучулардын тамактануусун уюштуруу тууралуу токтом кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлигинин 2022-жылдын, август, сентябрь айларында бекитилген окуу китептеринин тизмеси менен окутулат. Азыркы күндө китепкана фондунда 3764 китеп бар. Анын ичинен окуу китептин саны 2030, адабият 57 даана китеп.

…ынын ичинен 5,6-класстар үчүн ижарага берилген китептердин саны- 140 китеп. 7-8-9-кл аренда китептер -70. Окуучулардын арасында китептин ижарасынан бошотулган окуучулар 100%-2, 50% -31.

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Билим берүү Стандартынын, Жалпы Билим берүү уюмдарынын типтүү жобосунун, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык Билим берүү мекемелерине окуучуларды электрондук каттоо боюнча убактылуу типтүү жобосуна, Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарга ылайык, М.Балбаков атындагы орто мектебинин Уставынын негизинде окуучуларды мектептке кабыл алып, билим берүү процесси ишке ашат.

Жалпы билим берүү уюму билим берүү процессин негизги жалпы билим берүү программаларынын

деңгээлдерине ылайык мектептик билим берүүнүн үч баскычы бар:

- жалпы башталгыч билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 4 жыл):
- жалпы негизги билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 5 жыл):
- жалпы орто билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 2 жыл).

Жалпы билим берүү уюмуна 6-7 жашка толгон балдар кабыл алынат, ар бир класста окутуунун узактыгы бир окуу жылынан кем эмес.

М.Балбаков атындагы орто мектеби 2022-2023-окуу жылы үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жыл 5-августундагы №1529/1 буйругу менен бекитилген жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планы менен окутулат.

Ошондой эле мектеп каттодон өткөн уставынын негизинде да иш жүргүзүп келет.

Сабактар 2022-жылдын 1-сентябрында башталып, 25-майында аяктайт. Окуу жылынын созулушу каникул мезгилдерин эске албаганда, төмөндөгүдөй болот:

1-класста -33 жума, 2-4 –класстарда -34 жума, 5-11-класстарда экзамендик мезгилди эске алуу менен -34жумадан 36 жумага чейин. Сабактын узактыгы: 1-класстарда -40 минут, 2-11-класстарда 45 минута. Даярдоо класстары 480 саат жылына өтүлөт.

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген, анын "Билим берүү процессинин режимине коюлуучу гигиеналык талаптар" аттуу 11-бөлүмүндөгү санитардык –эпидемиялык эрежелер жана нормалар тууралуу сунуштарга ылайык:1-5-9-11-класстарда сабак биринчи сменада уюштурулуп, окуу сабактары 8:00до башталат.

Чет тили сабагы катары англис тили окутулат.

11 класс-комплект бар жана анда 110 окуучу, даярдоо классында 16 окуучу окушат.

| | |
|---|---|
| баскыч – башталгыч мектеп, 1-4 – класстар | 4 класс |
| баскыч – негизги мектеп 5-9 – класстар | 5 класс |
| III баскыч –орто мектеп, 10-11 – класстар | 2 класс |
| Даярдоо класстары | 1 класс |

Сабактардын жүгүртмөсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 "Коомдук саламаттыкты сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө токтомунун "Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиялык талаптарынын "№6 тиркемесинин 164,165, 166, 167,168,169 пункттарына ылайык түзүлгөн. Ар бир класстагы окуу жүктөмдүн жогорку чеги максималдуу мүмкүн болгон жүктөм деп эсептелет жана өзгөртүүгө жатпайт. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги тарабынан бекитилген Базистик окуу планы райондук билим берүү бөлүмү менен макулдашылган.

Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт. Окуу планында КРнын ББИМнин окуу китептери менен окуу колдонмолорун пайдалануу каралган.

Билим берүү программасын ишке ашырууда окуу саатгарынын саны

Окуу программасынын милдеттүү бөлүгүндө көрсөтүлгөн окуу предметтери:

орус тили, кыргыз тили, чет тили, математика, мен жана дүйнө, табият таануу, биология, химия, физика, география, орус адабияты, кыргыз адабияты, музыка, көркөм өнөр, тарых, адам жана коом, дене тарбия, аскерге чейинки даярдык, информатика, технология, диндердин өнүгүү тарыхы.

Класстан тышкаркы иштердин багыттары:

1. Адеп тарбия

2. Жарандык тарбия

3. Мекенчилдикке тарбиялоо

4. Жаратылышты сүйүү

5. Эстетикалык

6.Эмгекке тарбиялоо

7. Көп маданияттуулукка тарбиялоо

Класстан тышкаркы иштердин формалары: Спорттук, көркөм чыгармачылык, жолугушуулар, тегерек столдор, конкурстар, жыйындар.